# Алыскы континеттин жемиштери



Автор: Нурия Умерова

Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Алыскы континеттин жемиштери

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган


http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Алыскы континеттин жемиштери " (кыргыз тилинде), автору Нурия Умерова, сүрөтчү Айжамал Молдогазиева, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Фрукты с далёкого континента*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– Кутман таңың менен, Айша! Бүгүн 2090-жылдын 21-марты. Күн бүркөк, күндүз жамгыр жаайт. Тур, сени апам күтүп жатат. Эртең мененки тамакты ичер маал болду, – деп бир калыпта робот Алекс айтып жатты.

«Дайым ушундай, күңк-мыңкт этип, уйкуну бузат! Эх, дагы бир аз уктай турсам!», – деп ойлоду Айша, оозун ачып эстеп койду.

– Макул, Алекс, жуунганы кеттим. Сен барып, кызыктуу мультик изде.

Робот таза кийимдерди калтырыпды да, дөңгөлөгү менен жылып кетти. Айша сары чачтарын тарап ireттеп, ак комбинезонун кийип, ашканага бөлмөгө жөнөдү. Ал жер таза. Дубал сыя көкагыш-сирень түстөгү, тамак салынган апапак контейнерлер бар жана тамактарды аралаштыруучу бир гана «шкафчик-портал» турат.

Апасы да ушундайбир ак комбинезон кийип алып, он түрлүү жасалма данданакталган таруудан буламык даярдалган ботко жеп отурат.



– Кызым, кутман таң! Маанайың жакшыбы? Келчи, кучагыма!

– Баары жакшы, апа! Бирок тамак жегим келген жок.

– Сага эмне болгон? Доктор табиттин жоголушу убактылуу гана дейт. Бирок, сен такыр эле жебей жатасың го. Мен атаңа айтайын, сага аралдардан башка тамак алып келсин.


– Апа, мен жашыл кисель ичип алам.

– Жакшы анда, башка бир нерсени ойлонуштурабыз.

Айша чоң бөлмөгө кетти. Экрандан балдарды көрсөтүп жатыптыр. Алар чоң жана майда түркүн-түстүү шариктерди жеп жатышат.

– Бул эмне, Алекс? – деп сурады кыз, – Балдар аларды жакшы табит менен жеп жатышат.

– Булар – жемиштер. Тоголок жана сары – ал апельсин. Даамы кычкыл-таттуу. Сен эртең менен иччү синтетикалуу киселге окшош. Кызыл жана жүрөккө окшош жемиш - кулпунай. Ал майрамдык суусундук сыяктуу, таттуу жана ширелүү.



– Сары, тоголок болгон эмнени кытыратып жеп жатышат?

– Алма. Ал таттуу жана кычкыл болот. Бардык эле жемиштер сыяктуу, пайдалуу.

– Жеп көргүм келип жатат. Кайдан алса болот?


– Бул жерде жок. Бүткүл планета боюнча, бир гана жерде өсөт. Ал жер “Түштүк” деп аталат. Андан башка жерде мындай өсүмдүк өспөйт. Илгери-илгери жер бетинде жемиштер ар бир өлкөдө өсчү.

– Эмне үчүн биздин жерде жемиштер өспөй калды?

– Качандыр бир кезде, элдер жерге кам көрбөй калышкан. Заводдорду көп куруп, дарактарды кыйып ташташкан. Заводдор зыяндуу заттарды көп чыгарып, абаны жана дарыяларды булгашкан. Түндүк континентте аба жана суу абдан ууланган. Мына ошондон улам, жер түшүм бербей калган. Түштүк материктин жашоочулары континенттин үстүн жарым шарга окшотуп жаап, океан үчүн тазалагыч орнотушкан. Ошентип алар жерди коргоп, таза сууну сактап калышкан.

– Кандай кайгылуу окуя. Кызык, адамдар башка континенттерде кантип жашашат?

– Алар жерге кам көрүшөт, дарактарды жана өсүмдүктөрдү отургузушат, жерди сугарышат. Ошон үчүн аларда таза аба, суу жана



– Эмне үчүн биз менен тамак-аштарынан бөлүшпөйт? Эмнеге биз кутуга салынган жасалма тамак-аштарды гана жейбиз?

– Мурда Түштүк материгинин эли башка континенттин жашоочуларына жер-жемиштерин жиберип турушчу. Кийин Континенттер Кеңеши жемиш жиберип туруунy токтотууну чечкен.

– Эмне үчүн?

– Адамдар узак убакыт бою, жасалма тамактарды жеп, даам билүү сезимин жоготуп коюшкан. Ал тургай, көпчүлүгү жаңы жемиш жегенден оорушкан. Көп өлчөмдөгү тамак-ашты алып келүү кыйынга турган. Адамдар дагы жемиш жегенден баш тартышкан. Жылдар өтүп, эл алар тууралуу унутуп коюшту.

– Өкүнүчтүү. Жемиш жеп көргүм келип жатат. Кооз материкти да көргүм келет. Мага жардам бере аласыңбы?

– Ооба, бирок алар башка тилде сүйлөшөт. Менде андай программа жок. Алардын алган ордун жана байыркы тилин табууга аракет жасап көрөйүн. Иштөөм активдештирилди…

– Суранам, ал жерди таап берчи. Мен ошол элди көргүм келет.



Экран караңгылап, бир нерсе, башталды. Жарым сааттан соң, баары тынчып калды. Дисплейден чыккан жарык шоола Айшанын көзүн уялтып жиберди.

Жапжашыл талаа, жайнаган гүлдөрдү көрдү. Экрандан балдар пайда болду. Алар абдан сулуу, кызыл жүздүү, кара чачтуу, көздөрү жашыл экен. Айшага жылмая карашып, колдорун булгалашты.

– Алекс, алар эмне деп сүйлөп жатышат?

– Сени көргөндөрүнө кубанып, учурашып жатышат.

– Жакшы балдар экен деп айтып койсоң.

– Ак-саргыл комбинезон кийген баланын аты Уви экен. 10 жашка чыгыптыр.

– Мен – Айшамын. Жашым 9да. Азыр үйдөмүн, аралыктан окуп жатам.



– Биздин мектеп шаардын борборунда, ага велосипед менен барам. Бизде абдан көңүлдүү, ар күн сайын жаңы оюндарды ойнойбуз, – деп которуп берип жатты Алекс.

– Мен дагы силер менен бирге ойногум келет, – деп улутунду Айша.

Ар түрдүү түстөгү кийим кийинген балдар колдорун булгалашып, бир нерсе деп жатышты.


– Карачы, колдорунда жемиштер бар экен. Баары түрдүү жана таң калыштуу турбайбы!

– Алар жүзүңдү кубарып турат экен деп жатышат. Сен жемиш жешиң керек, анда витаминдер көп. Балдар сага жемиштерди жиберүүгө убада берип жатышат.

– Оо! Абдан сонун! Чоң рахмат! – кыз колун бооруна алып, таазим кылды.

– Уви коштошуп жатып, сени менен дос болгум келет деди.
Аны менен сүйлөшүп тургуң келеби?

– Ооба, ананчы! Жаңы досторум, көрүшкөнчө кош болгула! Балдар экрандан кол булгалашты, анан экран өчтү.



– Мен аларга энциклопедия топтомун  жиберейин. Китепти телепортировка аркылуу жиберүүгө жардам бере аласыңбы?

– Ооба, бир нече мүнөттү алат. Айша окуусун баштоо үчүн башка экранды жандырды.

Эки сааттан кийин кыз бир дабышты угуп калды. Бөлмөгө таң калган апасы кирип келди да

– Бизге бир кызыктай посылка телепортировка менен келди. Кыязы, дарегинен жаңылса керек, – деди апасы.


– Жаңылыш эмес, – деди Алекс, – Жемиштер биздин достордон. Робот колуна чоң кутуну кармап турду. Анда алыскы материктен келген ар түрдүү түстөгү, бышкан даамдуу жемиштер бар болчу.

– Бул эмне? – деди таң калган апасы.

– Булар накта жемиштер! – деди Айша кубанып, – Бул – алма! Көрдүңүзбү, кандай?

– Бул мандарин, апельсин, ананас, алмурут, банан…

– Келгиле, даамын көрөлү! Мага алар тууралуу айтып бересизби?, – деди кыз.



– Этияттап жеш керек, анткени биз мындай тамактарга көнгөн эмеспиз. Мен адамдарга абдан пайдалуу жана көп витаминдерге бай деп уккам, – деди апасы.

Айша алмадан бир тиштеп, апельсиндин бир кесимин жеп көрдү.

– Ммм, абдан даамдуу экен! Апаке, сиз да жеп көрсөңүз.

– Укмуш! Сенин табитиң ачылып калды!

– Ооба, апаке, мен мындан да жеп көргүм келип жатат!

– Бул жемишти жүзүм дейт, – деди робот.

– Досторумду да чакырайын, аларды коноктогум келет.

– Жакшы ой экен, кызым. Майрам уюштуралы!

– Апа, мен келечекте саякаттагым келет. Эгер жемиштерди телепортировка кылууга мүмкүнчүлүк болсо, мен да ошенте алам.

– Бул маселени изилдеп үйрөнөм. Адегенде, биздин досторго китеп жөнөтөм, – деди  Алекс.

– Алекс, биз бул жемиштерди өзүбүздүн континентте өстүрө алабызбы? Билчи, кантип ишке ашырууга болот, суранам! – деп өтүндү Айша.

– Эгер өсүмдүктөр үчүн керектүү шартты түзө алсак, жасоого мүмкүнчүлүк бар. Ал үчүн Түштүк континенттен топурак жана урук алдырабыз. Таза суу, тазаланган аба үчүн күнөскана курабыз. Бирок булузак жана татаал процесс.

– Увиден урук жана топурак жиберүүсүн суранам.

– Мен абаны тазалоочу жана  өсүмдүктү өстүрүүчү күнөсканаы кантип куруу керектигин сурап билем.

– Ыракмат! Сен менин чыныгы досумсуң, Алекс! Качандыр бир күнү биздин континентте да накта жемиштер өсөт!

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Нурия Умерова
Сүрөтчү: Айжамал Молдогазиева
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- **4.2 деңгээли**